КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
НАРЫН ОБЛУСУ
АК-ТАЛАА РАЙОНУ
КАРА-ОЙ АЙЫЛЫ
Ж. САТЫЛГАНОВ АТЫНДАГЫ
ОРТО МЕКТЕБИ
инд.722510Мусакожо көчөсү №52
ИНН 01711200410132
E-mail: satylganov.mektep@mail.ru

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
НАРЫНСАЯ ОБЛАСТЬ
АК-ТАЛИНСКИЙ РАЙОН
СЕЛО КАРА-ОЙ
СШ ИМ Ж. САТЫЛГАНОВА

инд.722510, ул.Мусакожо №52
ИНН 01711200410132
E-mail:satylganov.mektep@mail.ru

30-май 2022-жыл № 01-28/37 Кара-Ой айылы

Ак-Талаа райондук Билим берүү
бөлүмүнүн башчысы К. Эсеналиевге

Ак-Талаа районундагы Жоробек Сатылганов атындагы орто мектеби Кыргыз Республикасынын Президентинин Нарын облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлүнүн "Ардак грамотасына" орус тили жана адабияты сабагынын мугалими Абдраимова Кыйбатбүбү Асаналиевнаны сунуштайт.

**Туулган жылы**: Абдраимова Кыйбатбүбү Асаналиевна. Нарын облусунун, Ак- Талаа районундагы Ак-Кыя айылында туулган.

**Улуту:** Кыргыз

**Билими: жогорку**, 1987-жылы Фрунзедеги орус тили жана адабияты институтун аяктаган. Институтту аяктагандан кийин 1987-жылдан 1989-жылга чейин Ак- Талаа районундагы Ак-Кыя айылынын Ак-Кыя орто мектебинде, 1989-жылдан 1997-жылга чейин Ак- Талаа районунун Байгөнчөк айылындагы Байгөнчөк орто мектебинде орус тили жана адабияты мугалими, 1993-1995- жылдары окуу- тарбия иштери боюнча директордун орун басары, 1997-жылдан баштап Ак-Талаа районунун Кара- Ой айлындагы Жоробек Сатылганов атындагы орто мектебинде орус тили жана адабияты сабагынын мугалими болуп эмгектенип келе жатат.

**Педагогикалык иш стажысы**: 35 жыл.

**Жетишкендиктери: :** Абдраимова Кыйбатбүбү Асаналиевна
1987-1989-окуу жылдары Ак-Кыя орто мектебинде.1989-1997-окуу жылдары Байгөнчөк орто мектебинде орус тили жана адабияты мугалими, гуманитрдык предметтер боюнча методикалык бирикменин жетекчиси, 1993-1995- жылдары директордун окуу-тарбиялык иштери боюнча орун басары кызматта эмгектенген. 1997-1998- окуу жылынан бери Ж. Сатылганов атындагы орто мектебинде орус тили жана адабияты мугалими, 1998 - 2022-жылга чейин орус тили, кыргыз тили жана чет тили (тил илими) методикалык бирикмесин жетектеп келген.

Окуучуларды окутуп тарбиялоодо алдынкы педагогикалык ыкмаларды колдонуп, татыктуу тарбия берип келе жатат. Окутуу процессинде окутуунун сапатын жогорулатуу максатында учур талабына ылайык орус тили жана адабияты кабинетин бир нече жолу жабдууга зор салымын кошуп келет.

Мектептеги орус тили жана адабияты кружогун, кабинетти, жана мектепте жаш мугалимдерге насаатчылык кылып иш жүргүзүп келген.

Сканировано с CamScanner

Райондук , областтык деңгээлде өткөрүлгөн семинарларга ачык сабак, кружоктук сабактарды өтүп берген.1989-1990-окуу жылында райондук "Жылдын мыкты мугалими" кароо-сынагына катышып 2 орунга ээ болгон. Абдраимованын алдыңкы иш тажрыйбаларды жайылтуу максатында кеңешмеде талкууланып, мектептик методикалык кеңешке сунушталган. Орус тили сабагы боюнча өткөрүлгөн аймактык, райондук жана облустук олимпиадага окуучуларды даярдоого өз жардамын үзгүлтүксүз берип турат.

Мектептеги өзү жетектеген усулдук бирикмеде да алгылыктуу иштерди жүргүзүп келген. 2017-2018- окуу жылында усулдук бирикмелер арасында "Учурдун сапаттуу сабагы-келечектин талабы"деген темада семинар-тренинг өткөрүп,катышуучулар тарабынан мактоого татырлык баа берилген. Мектептеги кароо-сынактарга, семинарларга да активдүү катышат. Ж.Сатылганов атындагы орто мектебиндеги жаш мугалимдерге насаатчы жана аларга өзүнүн көрсөтмөлөрүн, насааттарын берип турат.

Сабак берүүдө жаңы интерактивдүү усулдарды колдонуп, көрсөтмөлүүлүк менен окуучуларга терең билим, тарбия берүүдө жакшы ийгиликтерди жаратып келе жатат. Мектептин коомдук иштерине активдүү катышат, өзүнүн предмети боюнча да алдыңкы мугалим катары иш жүргүзөт.
Акыркы кырдаалга ылайык окуучуларды аралыктан окутууда да чыгармачылык менен иш алып барды. Видео сабактарды даярдап, окуучуларга тесттик тапшырмаларды берип кайтарым байланышка чыгып жатты.

Убагында класс жетекчилик иштеринде да көптөгөн алгылыктуу иштерди жүргүзүп, класстары алдыңкы саптардан түшпөй келген. 2018-2019-окуу жылында ЖРТнын жыйынтыгында классындагы 16 окуучу жогорку босого баллга, анын ичинен Кутманова 208 баллга,3 окуучу 170, 3окуучу 150дөн жогорку баллдарга ээ болуп, жогорку окуу жайларда бюджет менен билим алышууда.

Өзүнүн кесиптик билимин көтөрүүнүн үстүндө үзгүлтүксүз иштейт, 2020-жылдын апрель айында КАОнун кесибин жогорулатуу максатында онлайн курсунан өттү. Ата-энелер, окуучулар, мугалимдер арасында кадыр-баркка ээ. Окуучуларга билим тарбия берүүдө чыгармачылык менен эмгектенет.

**Акыркы 3 жылдагы квалификациясын жогорулатуу курстарына катышуусу боюнча маалымат**: Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин алдындагы мугалимдердин билимин жогорулатуу жана кайра даярдоо институту 2020-жыл 10- апрель, Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин алдындагы мугалимдердин билимин жогорулатуу жана кайра даярдоо институту 2020-жыл 03-октябрь. (көчүрмө тиркелет)

Ж. Сатылганов атындагы орто мектебинин педагогикалык кеңештин чечими менен татыктуу тарбия, жеткиликтүү билим берүүдө көп жылдык үзүрлүү эмгеги үчүн орус тили жана адабияты сабагынын мугалими Абдраимова Кыйбатбүбү Асаналиевнаны Кыргыз Республикасынын Президентинин Нарын облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлүнүн "Ардак грамотасы" менен сыйланууга сунушталды.

Мектеп директору Э. Нурдинов

Сканировано с CamScanner

# *Сыйлоо барагы*

1.*Фамилиясы, аты, атасынын аты*: Абдраимова Кыйбатбүбү Асаналиевна
2.*Кызматы, иштеген мекеменин аты*: Ак- Талаа районунун Кара- Ой айылы Жоробек Сатылганов атындагы орто мектебинин орус тили жана адабияты мугалими
3.*Туулган жылы, айы*: 1964-жыл 20- октябрь
4.*Улуту*: Кыргыз

5.*Билими, окуу жайдын аталышы*: Жогорку, Орус тили жана адабияты институту ПИРЯЛ
6.*Мамлекеттик жана ведомостволук сыйлыктары*: Ж.Сатылганов атындагы орто мектебинин "Ардак грамоталары" 2003-жыл, 2011-жыл, мектептик Профсоюз бирлигинин "Ардак грамотасы" 2016-жыл, РайББнүн "Ардак грамотасы" 2004-жыл, Билим берүү жана илим министрлигинин "Ардак грамотасы" 1996-жыл, " КР билим берүү отличниги" төш белгиси 2010-жыл

7. *Жалпы иш наамасы*: 35 жыл
8.*Тармактагы иш наамасы*: 35 жыл
9. *Жамааттагы иш наамасы* : 35 жыл
10.*Кайсы сыйлыкка сунушталды*: Кыргыз Республикасынын Президентинин Нарын облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлүнүн "Ардак грамотасына" сунушталат.

Мектеп директору: Э.Нурдинов

Кесиптик бирлик уюмунун төрагасы: С.Алымкулов

Сканировано с CamScanner

Ж. Сатылганов атындагы орто мектебинин педагогикалык
Кеңешинин кезексиз отурумунун № 5 чечиминен көчүрмө

28-май 2022-жыл Кара-Ой айылы

Катышканы –54
Катышпаганы - 2
Күн тартибинде каралуучу маселе:

Мугалимдерди сыйлыкка көрсөтүү жөнүндө

Угулду: Жогорудагы маселе боюнча мектеп директору Э. Нурдиновдун билдирүүсү угулду:

Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин ведомстволук сыйлыктары жана Кыргыз Республикасынын мамлекеттик сыйлыктарына көрсөтүү атайын Жобого ылайык жүргүзүлөт. Жаш муундарды тарбиялоодогу илимий –усулдук жана чыгармачылык иштериндеги , мектептин материалдык –техникалык базаларын чыңдоодогу өзгөчө кошкон салымы үчүн Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин ведомстволук сыйлыктары менен сыйлоо-кызматкерлердин кесиптик, илимий-теориялык жана чыгармачылык демилгесин баалоонун жана сыйлоонун каражаты болуп саналат. Андан сырткары маданий агартуу, илимий-педагогикалык жана өспүрүмдөрдү маданиятка жана искусствого окутуп-тарбиялоодогу ишмердүүлүгү, илимий –методикалык жана басып чыгаруу иштериндеги жараткан ийгиликтери үчүн , “Жылдын мугалими” конкурстарынын жеңүүчүлөрү, кароо-сынактардын, спартакиадалардын жана олимпиадалардын, мелдештердин жеңүүчүлөрүнүн мугалимдери сыйланышат . Жобого ылайык, үзгүлтүксүз иш наамасы бар кийинки сыйлык үчүн төмөнкү башталгыч сыйлык болуусу шарт экенин билесиздер. М: “Билим берүүнүн мыктысы” төш белгиси үчүн 20 жыл үзгүлтүксүз иш наама, министрликтин Ардак Грамотасы, облустук жана райондук Билим берүү бөлүмүнүн, мектептин Ардак Грамоталары бар болуусу керек.

Чыгып сүйлөгөндөр:

Тил илими педагогикалык бирикмесинин жетекчиси Себетова Алтынай:
Биздин бирикменин мурунку жетекчиси, орус тили жана адабияты сабагынын мугалими Абдраимова Кыйбатбүбү Асаналиевнанын көп жыл бою методикалык бирикмени жетектеп, окуучуларга жеткиликтүү билим берүүдө жана татыктуу тарбиялоодо салымы чоң деп эсептейм. Кыргыз Республикасынын Президентинин Нарын облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлүнүн “Ардак грамотасына” сунуштайм.

Мамбеталиева Калыйбү – башталгыч класстарынын мугалими:
Абдраимова Кыйбатбүбү орус тили мугалими. Башталгыч класстарына да орус тилинен сабак берет. Алдыңкы инновациялык методдорду окуучулардын жаш өзгөчөлүгүнө жараша колдонуп сабак өтөт. Жаш муундарга орус тилин үйрөтүүдө көптөгөн алгылыктуу иштерди жүргүзүп келет.Сыйлыкка көрсөтүүгө татыктуу жана колдойм.

Сканировано с CamScanner

Асылымбекова Раиса - орус тили жана адабияты сабагынын мугалими: Абдраимова Кыйбатбүбү менен 20 жылдан ашуун биргеликте иштешип келе жатам. Чыгармачыл мугалим, ишине жоопкерчиликтүү мамиле кылат, жаш педагогдорго да кеңешин берип келет. Бул мугалим коомдук иштерге да активдүү катышат. Көп жылдык иштеген эмгегин баалап Кыргыз Республикасынын Президентинин Нарын облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлүнүн “Ардак грамотасына” сунушталганын туура деп эсептейм. Мектептеги жалпы эмгек жамааты да колдоп сунуштайлы, сыйлыкка татыктуу .

Жогорудагыларды угуп жана талкуулап педагогикалык
Кеңеш **чечим кылат:**

1. Жаш муундарды окутуп тарбиялоодогу жетишкен ийгиликтери үчүн орус тили жана адабияты сабагынын мугалими Абдраимова Кыйбатбүбү Асаналиевнаны Кыргыз Республикасынын Президентинин Нарын облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлүнүн “Ардак грамотасы” менен сыйланууга көрсөтүлсүн:

2. Сыйлыкка көрсөтүлгөндөр тарабынан даярдалуучу иш кагаздарга көзөмөлдүк жүргүзүүнү жана райондук Билим берүү бөлүмүнө сунуштоо жагы окуу -тарбия иштери боюнча директордун орун басары А. Төлөбек кызына милдеттендирилсин..

Кеңештин төрагасы: Э. Нурдинов
Катчысы: Н. Назарбекова

Сканировано с CamScanner